# МОБИЛДҮҮЛҮК БОЮНЧА БАШТАПКЫ БААЛОО (МБББ) ЖАНА КАЙТЫП КЕЛГЕН ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫ МЕНЕН БОЛГОН СУРАМЖЫЛОО |
# 2-АЙЛАМПА 2023-ЖЫЛДЫН ДЕКАБРЬ АЙЫ
# КЫРГЫЗСТАН

ЭЛ АРАЛЫК МИГРАЦИЯ УЮМУ (ЭАМУ)
МОБИЛДҮҮЛҮККӨ КӨЗ САЛУУ МАТРИЦАСЫ (МКСМ)




Co-Funded by the European Union

IOM UN MIGRATION

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Agency for Development and Cooperation SDC

Эл аралык миграция уюму ЭАМУ
Глобалдык маалымат институту (GDI)
Таубенстрасе (Taubenstraße) 20 22
10117 Берлин
Германия

Эл аралык миграция уюму (ЭАМУ)
Ибраимов к., 103
Виктория Бизнес Борбору
Бишкек
Кыргызстан

**Эскертүү**

Бул отчетто колдонулган маалыматтар ЭАМУнун Кыргызстандагы Миссиясынын биргелешкен аракетинин алкагында чогултулду. Бул отчет ичинде көрсөтүлгөн ар кандай маалыматтар, анын ичинде, кандайдыр бир өлкөнүн, территориянын, шаардын же аймактын, же анын бийлик органдарынын укуктук статусуна, же чек араларына тиешелүү берилген маалыматтар ЭАМУнун пикирин билдирбейт.

Бул отчетто көрсөтүлгөн маалыматтарды колдонууда төмөндөгү көрсөтүлгөн цитатаны колдонуу талап кылынат: Эл аралык миграция уюму (ЭАМУ), Декабрь, 2023. Мобилдүүлүк Боюнча Баштапкы Баалоо (МБББ) жана Кайтып келген эмгек мигранттары менен болгон сурамжылоо. ЭАМУ, Кыргызстан. ЖККСМнын маалыматтарын колдонуунун шарттары боюнча кененирээк маалымат алуу үчүн төмөнкү шилтемени басыңыз: https://dtm.iom.int/terms-and-conditions

© 2024 Эл аралык миграция уюму (ЭАМУ)

**Биз менен байланыш үчүн**

Кошумча маалымат алуу үчүн МКМ командасына кайрылыңыз :

iomkyrgyzstan@iom.int

Facebook.com/IOMkyrgyzstan

twitter.com/IOMKyrgyzstan

instagram.com/iomkyrgyzstan/

# МТМ жөнүндө

Мобилдүүлүктү көзөмөлдөө матрицасы (МКМ) – бул калктын жер которуу жана мобилдүүлүгүн көзөмөлдөгөн жана ага мониторинг жүргүзгөн система. Бул система калктын жер которгон жеринде же жер которуу учурунда келип чыккан муктаждыктарын жакшыраак түшүнүү максатында, тынымсыз жана системалуу түрдө маалыматтарды топтоо, анализдөө жана ал маалыматтарды жарыялоо максатында иштелип чыккан.

2023-жылдын июнь-август айларында МКМ калктын мобилдүүлүгүнө көз салуу, жер которгондордун саны, эмгек мигранттарынын жана кайтып келген мигранттардын жайгашкан жери, миграциянын себептери, кайсы өлкөлөрдөн кайтып келгендиги жана миграцияда канча убакыт болгондугу жөнүндө маалымат берүү үчүн Кыргызстанда Мобилдүүлүк боюнча баштапкы баалоо (МБББ) экинчи айлампасын өткөрдү. МКМ ЭАМУна жана анын өнөктөштөрүнө ресурстарды максималдуу көбөйтүүгө, артыкчылыктуу багыттарды аныктоо жана максаттуу, далилдүү, мобилдүүлүкө тиешелүү туруктуу миграция саясатын жана иш пландарын иштеп чыгууга мүмкүндүк берет. МКМ Кыргызстан тууралуу кененирээк маалымат алуу үчүн ушул шилтемени басыңыз: https://dtm.iom.int/kyrgyzstan


### 3 МАКСАТТУУ КАЛКТЫН ТОБУ

МБББ аркылуу, МКМ төмөндөгү үч негизги максаттуу калк категорияларынын жайгашкан жерлерин, алардын саны жана канча убакытка жер которгондугу тууралуу маалыматтарды көзөмөлдөйт:

1. Кайтып келген мигранттар
   Кыргызстандан чыгып, эл аралык чек арадан өткөндөн кийин мекенине кайтып келген кыргызстандыктардын жер которуулары.
2. Эмгек мигранты
   Эмгек мигрант деп ал жарандыгы жок мамлекетте акы төлөнүүчү иш менен алектене турган, учурда алектенип жаткан же өткөн учурда алектенген адамды айтабыз.
3. Эмигрант
   Башка өлкөгө туруктуу жашоо максатында Кыргызстандан башка өлкөгө көчүп кеткен кыргызстандыктар[1].

2020, 2021, 2022 жана 2023-жылдарда жер которуп жүргөн, жогоруда аталган үч топтогу адамдар тууралуу маалыматтар жыйналды.

1-КАРТА МААЛЫМАТ ТОПТОЛГОН АЙМАКТАР




©ЭАМУ 2023 Бул карта иллюстрациялоо максатында гана. Бул картада көрсөтүлгөн чек аралар жана аталыштар жана белгилер Эл аралык миграция уюму тарабынан расмий жактырууну же кабыл алууну билдирбейт.

# МААЛЫМАТТАРДЫН НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

**9 регион** камтылды

**45 райондо** баалоо жүрдү

**1,042 негизги информаторлор** суралды

**1,228 кайтып келген мигранттар** сурамжыланды

**48,130 адам** чет өлкөдөн кайтып келген

**Кайтып келген мигранттардын 5тен 2 си** сурамжылоого катышкан миграннардын 41% өз кожолуктарында жалгыз багуучу

МБББну жана жер-жерлерде сурамжылоо жүргүзүүгө Кыргызстандын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги (ЭСКММ) колдоо көрсөттү; МБББ 2023-жылдын июнь жана август айларында, ал эми кайтып келген эмгек мигранттар менен сурамжылоо 2023-жылдын ноябрында жүргүзүлдү. ЭСКММ менен тыгыз координация аркылуу, МКМдин изилдөө тобу Кыргызстан боюнча 984 айыл аймактарда, кварталдык бөлүмдөрдө МБББнун 2-айлампасынын алкагында баалоо жүргүзүштү. Сурамжылоонун негизги катышуучулары булар айыл өкмөт сыяктуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү болду. Ошондой эле, универсалдык сурамжылоо инструменти катары, МБББ сурамжылоосу аркылуу МКМ изилдөө тобу кыргызстанга кайтып келген 1,228 мигранттар менен маектешти.

## МЕТОДОЛОГИЯ

Негизги интервьюлар жана сурамжылоолор Кыргызстандагы ЭАМУнун МКМ системасын колдонуу менен өткөрүлдү. ЭАМУнун глобалдык Жер которгондорго көз салуу матрицасы (ЖККСМ) методологиясынын[1] негизинде МКМ Кыргызстандын контекстине ылайыкташтырылды. ЖККСМ далилге негизделген миграцияны башкарууну камсыз кылуу үчүн жер которгон калктын мобилдүүлүгү, алсыздыгы жана муктаждыктары жөнүндө маанилүү көп катмарлуу маалыматты жайылтуу үчүн маалыматтарды чогултуу жана талдоо системасы болуп саналат.

Бул изилдөөнү жүргүзүү үчүн ЖККСМнын Мобилдүүлүк боюнча баштапкы баалоо жана сурамжылоо ыкмаларынын негизинде ишке ашырылды. Баштапкы баалоо негизги информаторлор менен маек аркылуу жүргүзүлдү, ошол эле учурда кайтып келген эмгек мигранттары менен сурамжылоо өткөрүлдү. Бул изилдөөгө катышуучу катары негизги информаторлорду тандоо алардын аймактар боюнча, мигранттардын абалы, жергиликтүү коомчулук жана ошол жердеги адамдардын жер которуулары боюнча маалыматтуулугунун деңгээлине жараша тандалып алынды. Алардын курамына жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери жана өкүлдөрү кирди. Негизги информаторлор менен болгон маектер КоВо программасын колдонуу менен планшеттерге жазылган. Маектешүү формасы эмгек мигранттарынын качан, кайда жана эмне үчүн кайтып келгени боюнча суроолорду камтыган.

ЭАМУнун кайтып келген мигранттар боюнча өткөрүлгөн Мобилдүүлүк боюнча баштапкы баалоонун жыйынтыктарынын негизинде кайсыл жерлерде сурамжылоо өткөрүү керектиги аныкталган. Сурамжылоо анкетасы ЭАМУнун Борбордук Азиядагы ушул сыяктуу изилдөөлөрдө колдонулган анкеталардын негизинде, ошондой элде ички жана тышкы тематикалык эксперттер менен кеңешүү аркылуу иштелип чыкты. Анкета мигранттардын социалдык-экономикалык абалы, миграциялык тажрыйбасы, ишке орношуу, акча которуулар, муктаждыктар жана аярлуу маселелери боюнча суроолорду камтыган.

Изилдөөгө катышуучулардын санын аныктоо үчүн МБББнун жыйынтыктары аркылуу тандалган аймактарда кайтып келген мигранттардын бар же жокутугунун негизинде тандалып алынды. Интервьюлар планшеттер жана КоВо программасы аркылуу жүргүзүлдү. Бардык интервьюлар анонимдүү болуп, ЭАМУнун Маалыматтарды коргоо принциптери[2] менен бардык маалыматтарды топтоо, анализдөө учурунда сакталды.

Маалымат жыйноочулар респонденттерди кар топу ыкмасын колдонуу менен тандап алышып, алардын макулдугу менен сурамжылоо өткөрүштү. Маалыматтарды чогултуу Кыргызстандын ЭСКМ министирлиги жана анын аймактардагы бөлүмдөрү менен биргеликте, алардын техникалык тажрыйбасы жана кадрдык ресурстарынын жардамы менен өткөрүлдү.



[1] https://dtm.iom.int/about/methodological-framework
[2] https://www.iom.int/data-protection

# Мобилдүүлүк боюнча баштапкы баалоо

# КАЙТЫП КЕЛГЕН ЭЛ АРАЛЫК МИГРАНТТАРДЫН ДЕМОГРАФИЯСЫ

2020-2023-жылдар аралыгында Кыргызстанга жалпысынан 137,353 эмгек мигранттары кайтып келген. Кайтып келгендердин эң көбү Россия Федерациясынан (122,125 адам, 89%), андан кийин Казакстандан (8,072 адам, 6%), Түркия Республикасынан (4,380 адам, 3%) жана Корея Республикасынан (947 адам, 1%). Кайтып келген эмгек мигранттарынын 64 пайызы эркектер. Мекенине кайтып келген мигранттардын көбү Жалал-Абад облусунда (46%), андан кийин Бишкек шаарында (12%) жайгашкан.

МИГРАНТТАРДЫН КЕЛГЕН ӨЛКӨЛӨР БОЮНЧА САНЫ




## МИГРАНТТЫРДЫН КАЙТЫП КЕЛҮҮСҮНҮН СЕБЕПТЕРИ

Эмгек мигранттардын көпчүлүгүнүн (54%) кайтып келүүсүнүн негизги себептери булар, үй-бүлөсүнөн кабар алуу, үй-бүлө жана туугандары тарабынан өткөрүлгөн ар кандай иш-чараларга катышуу (анын ичинде тойлор жана сөөк коюу жөрөлгөсү) жана жалпысынан үй-бүлө мүчөлөрүнө колдоо көрсөтүү сыяктуу үй-бүлөгө байланыштуу маселелер болгон. Кайтууга мажбур кылган дагы бир олуттуу фактор (15%) жумушка болгон уруксаттын мөөнөтү бүтүп калгандыгы, же COVID-19 пандемиясынын таасири (8%) менен экономикалык мүмкүнчүлүктөрдүн азайышы. Мигранттар барган өлкөлөрдөгү чыр-чатактар жана жалпы коопсуздук кырдаалы иштеген мигранттардын 7 пайызынын кайтып келүүсүнө негизги себеп болгон, ал эми иштеген мигранттардын 6 пайызы Россия Федерациясындагы жарым-жартылай мобилизация маселелеринен улам кайтып келишкенин билдиришкен. Эмгек мигранттарынын азыраак тобу санкциялардан улам Кыргызстанга кайтып келген (5%). Анын үстүнө эмгек мигранттардын кайтып келгендеринин санынын өсүү тенденциясы байкалууда. Мисалы, 2023-жылы кайтып келген мигранттардын саны 2022-жылга салыштырмалуу 40 пайызга өскөн.

### Кайтып келүүнүн себептери


| Үй-бүлө маселелери | Жумушка уруксат мөөнөтүнүн аякташы | COVIDке байланыштуу экономика мүмкүнчүлүгүнүн азайышы | Конфликт жана коопсуздук маселелери | Россия Федерация-сындагы мобилизациялоо | Экономикалык санкциялар | Башка |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 54% | 15% | 8% | 7% | 6% | 5% | 4% |

## ЭЛ АРАЛЫК ЭМГЕК МИГРАНТТАР |КЕЛИП ОТУРУКТАШКАН АЙМАКТАР БОЮНЧА

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү менен болгон маектен алынган маалыматтарга ылайык, 2020-2023-жылдары Кыргызстанга 46,370 эл аралык мигранттар келип өлкө ичинде акы төлөнүүчү жумуштарда же ишмердүүлүк менен алектенген. Алардын ичинен 2023-жылы 23,723, 2022-жылы 13,060, 2021-жылы 6,110, 2020-жылы 3,477 эл аралык мигранттар катталган. Булар Кыргызстанда жок дегенде бир айдан кем эмес жашаган мигранттар.


Бул маалыматтар миграция боюнча абалды сүрөттөп, өлкөнүн ичиндеги мигранттардын демографиялык курамы жөнүндө баалуу түшүнүктөрдүберет. Кыргызстанда 2020-2023-жылдар аралыгында башка өлкөлөрдөн келген мигранттардын көпчүлүгү Жалал-Абад облусунда (19 027 эл аралык мигрант), Бишкек шаарында (14,046) жана Чүй облусунда (4,912) катталган. Кыргызстанга келген мигранттардын көпчүлүгү (74%) кыска мөөнөткө (сезондук) келген болсо, калган мигранттар (23%) Кыргызстанга узак мөөнөткө келишкен.

Эл аралык Мигрант | Жылдык тенденциялар




Эң көп келген эл аралык мигранттар булар төмөнкү өлкөлөрдөн: Россия Федерациясынан келген мигранттардын саны 18,500 адам; Өзбекстандан Кыргызстанга 12,496 мигранттар келсе, Казакстандан 5,909 мигранттар келишкен.

ЭЛ АРАЛЫК ЭМГЕК МИГРАНТТАРДЫН УЛУТУ БОЮНЧА САНЫ



# ЭМИГРАЦИЯ

2023-жылга карата жалпысынан 328,458 Кыргызстандын жарандары өлкөдөн сыртта жашашкан. Алардын көпчүлүгү, 47,294 адам Жалал-Абад облусунан, экинчи орунда 51,609 адам Ош облусунан жана 41,334 адам Баткен облусунан. Кыргыз жарандары барып жашаган негизги өлкө бул Россия Федерациясы, ал жерде 285,433 адам эмигрант болуп жашашат.

Өлкөлөр боюнча эмигранттардын саны







# КАЙТЫП КЕЛГЕН ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫ МЕНЕН БОЛГОН СУРАМЖЫЛОО

# КАЙТЫП КЕЛГЕН МИГРАНТТАРДЫН СОЦИАЛДЫК ЭКОНОМИКАЛЫК ПРОФИЛИ


Сурамжылоого катышкандар булар кайтып келген эмгек мигранттар, алардын 65 пайызы эркектер жана үчтөн бири, башкача айтканда, 35 пайызы аялдар. Кайтып келген мигранттардын орточо жашы 38 жашта. Бул мигранттарды жаш курагына бөлүп карай турган болсок, алардын 65 пайызы 30 жаштан 49 жашка чейинки мигранттар. Үй-бүлөлүк абалына келсек, кайтып келген эмгек мигранттардын 74 пайызы үй-бүлөлү экенин, ал эми 14 пайызы бойдок, 8 пайызы ажырашкан жана 4 пайызы жесир калганын айтышкан. Үй-бүлөлү мигранттардын көбүрөөгүн эркектер түзөт, анткени, сурамжылоого катышкан эркектердин 76 пайызы үй-бүлөлү болсо, аялдардын арасында 69 пайызы үй-бүлөлү. Тескерисинче, кайтып келген мигранттардын арасында ажырашкандардын саны аялдардын арасында көбүрөөк, сурамжылоого катышкан аялдардын 11 пайызы ажырашкандар болсо эркектерин 6 пайызы ажырашкандар. Ошондой эле, аялдардын арасында жесир калгандардын саны эркектерге караганда көбүрөөк, аялдардын арасында 9 пайызы жесирлер болсо, бул көрсөткүч эркектердин арасында 1 пайызды түзөт. Бул сурамжылоого катышкан мигранттардын улутуна карай турган болсок, 88 пайызы кыргыздар жана 8 пайызы өзбек улутундагылар.

## ЖЫНЫСЫ ЖАНА ЖАШЫ




Эмгек мигранттарынын 15 пайызы атайын орто билимге ээ болгон болсо, ал эми мигранттардын 14 пайызы кыска мөөнөттүү окуу курсун аяктагандыгы тууралуу атайын сертификаттарга ээ болгон. Кайтып келген эмгек мигранттарынын 10 пайыздан азыраагы толук эмес орто билимге ээ. Аял эмгек мигранттарына (34%) салыштырмалуу эркектердин көбү (41%) толук орто билимге ээ. Бирок, эркек эмгек мигранттарына (22%) караганда, көбүрөөк аял эмгек мигранттары (30%) бакалавр же магистр дипломуна ээ болушуп билим алышкан. Билим адистигине келсек, эмгек мигранттарынын алдыңкы беш билим адистиктеринин катарына төмөнкүлөр кирет: а) инженердик, өндүрүш, курулуш жана архитектура (24%); б) билим берүү, анын ичинде мугалимдерди даярдоо жана педагогика илими (16%); в) социалдык илимдер, журналистика, башкаруу жана укук (12%); г) искусство жана гуманитардык илимдер (11%); кызмат көрсөтүүлөр (мисалы, жеке, транспорт, айлана-чөйрөнү коргоо, коопсуздук) (11%); жана д) табигый илимдер, математика, статистика, жана эсептөө (маалыматтык-коммуникациялык технологиялар) (11%). Эркек мигранттардын арасында (31%) инженердик адистигине окугандар кеңири таралган болгон болсо аял мигранттардын арасында (23%) мугалимдерди даярдоо жана педагогика адистигине окугандар кененирээк.

## ОКУП АЛГАН БИЛИМДЕРИ




# КАЙТЫП КЕЛГЕН МИГРАНТТАРДЫН СОЦИАЛДЫК ЭКОНОМИКАЛЫК ПРОФИЛИ


Респонденттердин 81 пайызынын балдары бар жана ар бир үй-бүлөгө орто эсеп менен үчтөн бала туура келет. Кайтып келген эмгек мигранттардын 18 пайызынын балдары өзүлөрү барып иштешкен өлкөлөрдө калышкан же башка жерде, ата энесинен өзүнчө, башка жашашат.

Эмгек мигранттарынын багуусунда болгондорго келсек, алардын 43 пайызы бир же эки, 25 пайызынын төрттөн алтыга чейин, 2 пайызынын жетиден тогузга чейин адамдарды иштеп багып жаткандарын айтышкан. Калган эмгек мигранттардын (29%) бага турган кишилери азырынча жок экендигин белгилешкен.

КАЙТЫП КЕЛГЕН МИГРАНТТАР БАЛДАРДЫН САНЫ МЕНЕН




КАЙТЫП КЕЛГЕН МИГРАНТТАРДЫН БАГА ТУРГАН КИШИЛЕРИ




## МИГРАЦИЯ ТАЖРЫЙБАСЫ

Россия Федерациясы кыргызстандык көпчүлүк эмгек мигранттар үчүн эң негизги өлкө бойдон калууда. Эмгек мигранттарынын 84 пайызы Россия Федерациясынан кайтып келишкен. Калган эмгек мигранттары кайтып келген алдыңкы беш өлкөлөрдүн ичинде Түркия Республикасы (5%), Казакстан (4%), Бириккен Араб Эмираттары (1%) жана Улуу Британия (1%) бар. Кошумчалай кетсек, эмгек мигранттар жалпысынан башка дагы 24 өлкөлөрдөн кайтып келишкен, бирок бул өлкөлөрдүн ар биринен кайтып келгендердин саны жалпы кайтып келген мигранттардын санынан бир пайыздан азыраагын түзүшөт.

Россия Федерациясынан кайтып келген эмгек мигранттарынын саны 2022-жылга салыштырмалуу 2023-жылы өскөн. Мисалы, жалпы кайтып келген мигранттардын 84 пайызы 2023-жылы Россия Федерациясынан келген болсо, 2022-жылы алардын үлүшү 81 пайызды түзгөн. Ал эми Казакстандан кайтып келген эмгек мигранттарынын пайызы 2022-жылы сегиз пайыздан 2023-жылы төрт пайызга чейин азайган.

1-ТАБЛИЦА. ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫ КАЙТЫП КЕЛГЕН ӨЛКӨЛӨРДҮН АЛДЫҢКЫ САБЫНДАГЫ БЕШ ӨЛКӨ, 2023

| Кайтып келген өлкөлөр | Киши саны | Пайыз |
|---|---|---|
| Орус Федерациясы | 1,030 | 84% |
| Туркия Республикасы | 61 | 5% |
| Казакстан | 54 | 4% |
| Бириккен Араб Эмираттары | 9 | 1% |
| Улуу Британия | 9 | 1% |
| Башка өлкөлөр | 65 | 5% |
| Бардыгы | 1,228 | 100% |


Эмгек мигранттары кайтып келген башка өлкөлөргө Германия, Польша, Корея Республикасы, Болгария, Япония, Чехия, Египет жана башкалар кирет.

Кыргызстандан башка өлкөлөргө барган эмгек мигранттарынын 95 пайызы жумушка орношуу максатында барышкан. Жумушка орношуу максатында кеткендердин 82 пайызы өздөрүнө жумуш издеп барышканын айтышса, калган 14 пайыз мигранттар өзүлөрү үчүн да жубайлары үчүн да жумуш издеп барышкандар. Респонденттердин азыраак пайызы (4%) жумуш издеп барган жубайларын ээрчип, жубайларына шерик болуп барышкандар болгон. Кыргызстандан кеткен мигранттардын калган 5 пайызы башка максат менен барышкандар, алар билим алуу, үй-бүлө жана достор менен баруу жана/же жолугуу, үй-бүлөлүк көйгөйлөрдөн улам кеткендер, же туризм жана ден-соолук маселелери менен кеткентер кирет.

# КАЙТЫП КЕЛҮҮНҮН СЕБЕПТЕРИ

Эмгек мигранттарынын 37 пайызы Кыргызстандагы үй-бүлө мүчөлөрү аларды биротоло кайтып кел же бир келип кет деп айтышканынан (8%) кайтып келишкен. Эмгек мигранттарынын дагы 8 пайызы ден соолугуна байланыштуу кайтып келишкен. Кайтып келген мигранттардын кийинки тобу (7%) жумушсуз калгандыктан кайтып келүүгө аргасыз болушкан, ал эми дагы бир тобу (6%) алардын кайтып келишине барып иштеп жатышкан өлкөлөрдөгү экономикалык абалдын начарлашы себеп болгонун билдиришкен


КАЙТЫП КЕЛҮҮНҮН СЕБЕПТЕРИ





Сурамжылоого катышкан эмгек мигранттардын 36 пайызы Кыргызстандан кеткенине бир жылдан үч жылга чейин убакыт болгон. Андан кийинки мигранттардын 32 пайызы жети айдан бир жылга чейин башка өлкөлөрдө жүргөн мигранттар. Мигранттардын дагы бир тобу (14%) төрт айдан алты айга чейин кыска мөөнөткө чет жерде жүрүшкөн. Эркек жана аял эмгек мигранттарынын чет өлкөдө жүрүү узактыгы боюнча олуттуу айырма жок.

Сурамжылоого катышкан респонденттердин дээрлик жарымы (42%), канча убакытка миграцияда жүрүүгө пландап барса ошончо убакыт миграцияда жүрүшкөн. Эмгек мигранттарынын 22 пайызы кыскараак мөөнөткө миграцияга барышканы менен ар кандай жагдайлардан улам узагыраак убакытка ал жакта калууга мажбур болушкан. Кайтып келген мигранттардын 24 пайызы чет өлкөдө канча убакыт калаарын алдын ала билишкен эмес же канча убакытка пландаштырып барган мөөнөтүн сурамжылоо учурунда эстешкен эмес. Мигранттардын азыраак тобу (11%) адегенде чет өлкөдө узак мөөнөткө жүрүүгө пландаштырып барышканы менен, кайра тез эле Кыргызстанга кайтып келүүгө мажбур болушкан.

ЧЕТ ӨЛКӨДӨ ЖҮРГӨН МӨӨНӨТҮ




ПЛАНДАП БАРГАН МӨӨНӨТ МЕНЕН ТУУРА КЕЛИШИ





Сурамжылоого катышкан мигранттардын 67 пайызы эмне үчүн башка өлкө эмес алар барып келген өлкөгө барып иштешендигинин негизги себеби, ал жактагы айлык акы жогору экенин айтышкан. Ушундай эле пикирди эркек жана аял эмгек мигранттары бирдей билдиришкен. Башка эмгек мигранттары кайсы өлкөгө баруунү кантип чечкендигине мурун барып жүрүп үйрөнүп калгандыгын, же ал өлкөдө туугандары же дос-жарлары бар экендиги, же болбосо ал жерде Кыргызстандан барган мигранттардын көптүгүнөн ошол өлкөгө барышкандыгын айтышкан.

# ЖУМУШ

Кайтып келген эмгек мигранттардын арасынан сурамжылоого катышкандырдын 41 пайызы алардын үй-бүлөлөрүндөгү же кожолуктарындагы жалгыз же негизги каражат табып, аларды багып келе жаткандар. Үй-бүлөсүн жалгыз иштеп багып келе жаткандардын ичинен 51 пайызы булар эркектер болсо, ушундай эле жоопкерчиликти аткарып келе жаткандардын 22 пайызы булар аял мигранттар. Кошумчалай кетсек, сурамжылоо учурунда эмгек мигранттардын аз гана пайызы (2%) бул суроого жооп бербей эле койууну туура көрүшкөн.

Миграцияда жүргөндө акыркы жашаган жеринде эмгек мигранттарынын 77 пайызы жеке уюмдарда иштешкен. Мындай көрүнүш эркек мигранттарга да аял эмгек мигранттарга да тиешелүү. Дагы мигранттардын сегиз пайызы (жынысына карабастан) коомдук уюмдарда иштешкен. Калган эмгек мигранттар күнүмдүк маянага (7%) жана өз алдынча ишкерлик менен иштегендер (4%). Мигранттардын үч пайызга жакыны акыркы жашаган жеринде жумушсуз болгон. Эмгек мигранттарынын ар бир төртүнчүсү (26%) коомдук жана жеке тейлөө тармагында иштешкен, ал эми мигранттардын кийинки чоң тобу курулушта (23%), андан кийин транспорт, сактоочу бөлүмдөрдө жана байланыш тармагында (13%) иштешкен. Калган тармактарга соода, кесиптик, өндүрүш, туризм, инженердик жана башка тармактар кирет


МИГРАНТТАР БАРЫП ИШТЕГЕН ӨЛКӨЛӨРДӨГҮ ЖУМУШ ТАРМАКТАРЫ




Мигранттар барып иштеген өлкөдө, мигранттардын орточо айлык акысы 67 330 сом[3] болгон (болжол менен бул 753 АКШ доллар). Орто эсеп менен айтканда аял мигранттар эркек мигранттардын бир айда тапкан кирешесинин 77 пайызын иштеп табышат. Тактап айтканда, аял эмгек мигранттарынын орточо айлык кирешеси 56 214 сомду, ал эми эркектердин орточо айлык кирешеси 73 230 сомду түзөт.

Кайтып келген эмгек мигранттарынын басымдуу бөлүгү (85%) жынысына карабастан кесипкөйлүктү иштеген иши аркылуу үйрөнүшөт, ар бир бешинчи адам (20%) бул көндүмдөрдү шакирттик практика аркылуу алышат. Кошумчалай кетсек, эмгек мигранттардын 16 пайызы кыска мөөнөттүү атайын окуу программалары аркылуу кесипкөйлүүлүкө үйрөнүшкөн. Кайтып келген эмгек мигранттарынын азыраак пайызы (7%) атайын билим алуу аркылуу кесиптик көндүмдөргө үйрөнүшкөнүн айтышкан.

БАРЫП ИШТЕГЕН ӨЛКӨДӨГҮ ОРТОЧО АЙЛЫК АКЫ





3 1USD=89,43KGS (Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы 2023-жылдын 7-февралына карата)

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ АЗЫРКЫ ЖУМУШ ОРДУ

Миграцияда жүрүп Кыргызстанга кайтып келген эмгек мигранттардын арасынан сурамжылоого катышкандардын жарымы (50%) учурда жумуш менен камсыз болушкан. Жумушка орношкондордун 22 пайызы жеке ишканаларда жумушка орношкон болсо, 14 пайызы жеке ишкерлик менен алектенишет, 9 пайызы мамлекеттик уюмдарда жана калган 5 пайызы күнүмдүк эмгек акы төлөнүүчү жумуштарда иштешет. Жумушсуз мигранттардын ичинен ар бир төртүнчү мигрант (25%) активдүү жумуш издешпейт, анткени алар кайра чет өлкөгө барып иштеп келүүнү пландап жатышкандар. Дагы башка эмгек мигранттардын сегиз пайызы булар үй кожойкелери болсо, калган он пайызы жумушсуз, бирок жигердүү жумуш издеп жатышкандар.


Кайтып келген эмгек мигранттар ишке орношуп, иштеп келе жаткан тармактарга айыл чарба (17%), тейлөө (14%) жана курулуш (14%) тармактары кирет. Бирок, жумуш менен камсыз кылуу секторлору жынысына жараша айырмаланат. Эркек мигранттар иштеп жаткан алдыңкы үч тармактарга айыл чарба (22%), курулуш (20%) жана транспорт (17%) болсо, аял мигранттар негизинен тейлөө тармагында (29%), өндүрүштө (18%) жана билим берүү тармагында иштешет (12%).

УЧУРДАГЫ ЖУМУШ ОРДУ ГЕНДЕР БОЮНЧА





Кайтып келген эмгек мигранттардын ичинен учурда иштеп жаткандардын дээрлик жарымы (47%) формалдуу жумуштарда иштеп жатышса, алардын жарымынан көбүрөөгү (53%) формалдуу эмес жумуштарда иштешет. Аял эмгек мигранттардын 50 пайызы формалдуу жумуштарда иштеп жатышса, эркек мигранттардын 45 пайызы формалдуу жумуштарда иштешет. Миграциядан кайтып келип жумушта иштеп жаткандардын 43 пайызы алар иштеп жаткан ишканалар пенсиялык фондуна акча төлөп салым кошот деп айтышса 43 пайызы алар иштеп жаткан ишканалар пенсия фондуна акча которушпайт деп эсептешет. Кайтып келген эмгек мигранттардын Кыргызстандагы орточо айлык кирешеси 29 030 сомду (болжол менен 325 АКШ доллары) түзүп, алар чет өлкөдө миграциядагы айлык акысынан орточо эсеп менен эки жарым эсе аз табышат. Кайтып келген аял мигранттардын Кыргызстандагы иштеп тапкан айлык кирешеси эркек мигранттардын иштеп тапкан кирешесинин 85 пайызын түзөт.

ИШ СТАТУСУ




# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ АЗЫРКЫ ЖУМУШ ОРДУ

КЫРГЫЗСТАНДАГЫ АЙЛЫК АКЫЛАРЫ




ЧЕТ ӨЛКӨДӨ МИГРАЦИЯДА ЖҮРГӨНДӨГҮ АЙЛЫК АКЫЛАР




Респонденттердин 50 пайызы азыркы жумушун бир айдын ичинде табышкан, 35 пайызы эки айдан баштап алты айдын ичинде иш табып, жумушка орношушкан. Кыргызстанга кайтып келишкенден кийин жумуш табууга аял мигранттар үчүн да эркек мигранттар үчүн да бирдей эле убакыт кеткен. Кайтып келген эмгек мигранттар Кыргызстанда иштеп жатканда туш болгон негизги кыйынчылыктарга булар ишканалар менен макулдашылгандан көп убакытка иштөөгө туура келүүсү (24%), аз айлык акы (21%), бюрократия (8%), тиешелүү эмгек шарттарынын жоктугу (6%), квалификациянын дал келбеши (4%), жана башка ушул сыяктуу кыйынчылыктарга туш болушкан.


Миграциядан кайтып келип, жумуш таппай жүргөндөрдүн 51 пайызы бир айдан бери жумуш издеп жүргөнүн, 28 пайызы бир жылдан бери жана 13 пайызы бир жылдан ашык убакыттан бери жумуш издеп таппай жүрүшкөнүн айтышкан. Ошого карабастан Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөрү менен кеңири пайдаланылбайт. Жумушсуз мигранттардын 84 пайызы Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү чөйрөсүндөгү кызмат көрсөткөн борборлоруна кеңеш же жардам сурап кайрылышкан эмес.

Жумуш издөөнүн негизги ыкмалары: достор же туугандар аркылуу жумуш сураштыруу (77%)[4] , гезит жана интернет аркылуу жумуш издөө (47%), ишканаларга арыз менен кайрылып көрүү (31%) жана жумушчулар иштеген ишканаларга, фермаларга, заводдорго, базарларга же башка бир жерлерге жумуш сурап кайрылып көрүү (9%). Жумуш издеп жаткандардын 71 пайызы айлык акысы жакшы болсо кандай жумуш болсо деле иштей бермек эле экендигин айтышкан. Ал эми 47 пайызы туруктуу жумуш болсо жакшы болмок деп айтышкан. Туруктуу иш караштырган категорияга кирген жумушсуздар 2022-жылдагы сурамжылоого салыштырмалуу эки эсе көп. Калган 15 пайыз жумушсуздар алардын колунан келе турган, квалификациясына туура келген жумуштарда иштегенди туура көрүшөт.

ЖУМУШСУЗ | АРТЫКЧЫЛЫКТУУ ИШТИН ТҮРҮ, 2022




ЖУМУШСУЗ | АРТЫКЧЫЛЫКТУУ ИШТИН ТҮРҮ, 2023




Кайтып келген мигранттар иш менен камсыз болууда алардын билим деңгээли маанилүү ролду ойнойт. Кайтып келген жумушсуз мигранттардын 23 пайызы билимдин жетишсиздиги жакшы жумуш табууга тоскоол болуп жатат деп эсептешет, алардын 25 пайызы эркектер жана 21 пайызы аялдар. Кошумчалай кетсек, мигранттардын 11 пайызы негизги көйгөй катары өздөрү каалаган тармакта жумуш табууга тажрыйбасы аз болуп жаткандыгын айтса, 10 пайызы алар окуп алган кесиптик билим алар каалаган жумушка туура келбей жаткандыгын айтышкан. Башка тоскоолдуктарга эмгек шарттарынын начардыгы (8%), жалпы билимдин жетишсиздиги (8%) жана тил билбей жаткандагы тоскоолдуктар (7%) кирет.

Орто эсеп менен алганда, жумушсуз мигранттар айына болжол менен 49,000 сомдук айлыгы бар жумушта иштесем дешет. Эркек мигранттар көбүнчө орточо айлык акысы 50,732 сом болсо дешсе, аялдардын орточо күткөн айлык акысы орто эсеп менен 43 871 сом. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматы боюнча, 2021-жылы Кыргызстанда киши башына орточо накталай акча чыгашасы айына 4 681 сомду[5] түзгөн.


4 Процентер жооптордун санына жараша эсептелет, анткени респонденттер бирден ашык жоопту тандоодо эркин болгон
5 https://www.stat.kg/ru/opendata/category/121/

# КЕЛЕЧЕККЕ БОЛГОН НИЕТТЕРИ


Миграциядан кайтып келген эмгек мигранттардын 43 пайызы Кыргызстанда эми биротоло калууну көздөшөт. Бирок, кайтып келген эмгек мигранттарынын 17 пайызы мурун миграцияда жүрүп келген өлкөлөргө кайра кетүүнү пландаса, 9 пайызы ал өлкөлөргө барып ошол жакта биротоло отурукташуу ниетинде. Дагы ал мигранттардын 15 пайызы чет өлкөгө көчүп кетүүнү күтүп жатышат. Калган мигранттардын (16%) келечеке болгон пландары азырынча так эмес.

Кайтып келген эмгек мигранттары менен өткөрүлгөн сурамжылоонун 2022 жана 2023-жылдагы жыйынтыктарын салыштырып карасак, 2023-жылы чет өлкөгө миграцияга барып келип турам дегендердин саны бир кыйла азайган. Мисалы, 2022-жылы 31 пайыз мигранттар чет өлкөгө миграцияга барып келип турам дешсе, 2023-жылы 17 пайыз мигранттар ушундай эле пландарын айтышкан. Тескерисинче, миграцияда барып келип жүргөн өлкөлөрдөн эми башка чет өлкөгө барсам дегендердин саны бир аз жогорулаган, мисалы, 2022-жылдагы 15 пайыз мигранттар эми башка чет өлкөгө барууну пландап жаткан болсо, 2023-жылы бул көрсөткүч 19 пайызга чейин өскөн.

МИГРАЦИЯ БОЮНЧА НИЕТТЕРИ, 2022





МИГРАЦИЯ БОЮНЧА НИЕТТЕРИ, 2023




Миграциядан кайтып келген эмгек мигранттары кайта эле миграцияга барып иштеп келүүгө түрткү кылып жаткан бир нече негизги себептерин айтышты. Ал себептердин арасында Кыргызстандагы айлык акылардын канааттандырарлуу болбой жаткандыгы (26%), жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу (17%), каржылык кыйынчылыктар жана карыздар (16%) жана өлкөдө келечекте боло турган бакубаттуулуктун болушуна ишенимдин аздыгы (10%).

МИГРАЦИЯГА КАЙРА БАРУУГА МАЖБУР КЫЛЫП ЖАТКАН НЕГИЗГИ СЕБЕПТЕРИ





Мигранттардын 28 пайызы миграцияга кайра качан кетээрин азырынча чече элек. Бирок 21 пайызы бир ай менен үч айдын ичинде кайра кетүүнү пландап жатышкан болсо, дагы 20 пайызы төрт-алты айдын ичинде кайра кетээрин пландаштырууда. Мигранттардын бир аз бөлүгү (8%) жакын арада, бир айдын ичинде кетүүнү пландаштырууда. Сурамжылоого катышкан мигранттардын дээрлик жарымы (47%) миграцияга барып иштегенден кийин Кыргызстанга кайтып келээрин айтышкан.

Сурамжылоого катышкан эмгек мигранттарынын 62 пайызы миграцияга жалгыз бараарын айтышса, 17 пайызы миграцияга жубайлары менен чогуу бара тургандарын белгилешкен. Аял мигранттарга (46%) салыштырмалуу миграцияга жалгыз баргандардын көбүреөгү булар эркектер (66%). Аял мигранттардын ар бир төртүнчүсү (26%) миграцияга жубайлары менен чогуу барышат. Миграцияга барууну ниет кылып жаткан мигранттар же алардын кожолуктары, кайсы башка чет өлкөгө барууну артык көрүшмөк деген суроого, алар төмөндөгүчө жооп беришкен: Россия Федерациясы (28%), АКШ (12%), Германия (8%) жана Түркия Республикасы (7%). Сурамжылоого катышкан мигранттардын жарымынан көбү (56%) бул өлкөлөрдү тандап аларын билдиришкен, анткени бул өлкөлөрдөгү киреше Кыргызстандагы кирешеге салыштырмалуу жогору деп түшүндүрүшкөн.


# КЕЛЕЧЕККЕ БОЛГОН НИЕТТЕРИ

Сурамжылоо аркылуу топтолгон маалыматтарга ылайык кайтып келген эмгек мигранттарынын кайра миграцияга кетүү боюнча ниеттериндеги өзгөрүүлөрдү байкоого болот. Алсак, 2022-жылкы сурамжылоодо мигранттардын 45 пайызы Россия Федерациясына бара тургандыгын айтышкан болсо, 2023-жылы мигранттардын 28 пайызы гана Россия Федерациясын көрсөтүшкөн. Кошумчалай кетсек, АКШга барууну каалаган мигранттардын саны 2022-жылы жети пайыз болсо, 2023-жылы 12 пайызга өскөн.

КАЙРА МИГРАЦИЯГА БАРУУГА НИЕТ КЫЛГАН АЛДЫНКЫ ӨЛКӨЛӨР, 2022




КАЙРА МИГРАЦИЯГА БАРУУГА НИЕТ КЫЛГАН АЛДЫНКЫ ӨЛКӨЛӨР, 2023





## АКЧА КОТОРУУЛАР


Акча которуулар эмгек мигранттарынын көпчүлүгүнүн (66%) үй-бүлөлөрүнүн негизги киреше булагы болуп саналат. Миграцияда жүргөн учурда, кайтып келген мигранттардын 80 пайызы үйлөрүнө тез-тез акча жөнөтүп турушкан. Акча жөнөтүп турган мигранттардын 70 пайызы ай сайын, 19 пайызы үч айда бир, ал эми 9 пайызы айына бир нече жолу үйүнө акча жөнөтүп турушкан. 80 пайыз учурларда үйгө акча жөнөтүүнүн негизги себеби үй-бүлөсүнө, туугандарына же досторуна негизги чыгымдарды жабууда колдоо көрсөтүү болгон. Кээ бир гана эмгек мигранттары (2%) бизнес мүмкүнчүлүктөрүн ачуу максатында үй-бүлөлөрүн колдоп, акча жөнөтүп турушкан.

Эмгек мигранттарынын дээрлик жарымы (46%) айлык кирешесинин 25 пайыздан 50 пайызга чейинкисин Кыргызстандагы үйүнө жөнөтүп турушкан болсо, 38 пайызы кирешесинин жарымынан көбүн жөнөтүп турушкан.

КИРЕШЕНИН АКЧА КОТОРУУГА КЕТКЕН ПАЙЫЗЫ




АКЧА КОТОРУУЛАР | ҮЙ-БҮЛӨНҮН НЕГИЗГИ КИРЕШЕ БУЛАГЫ




Акча которуу ыкмаларына келсек, кайтып келген эмгек мигранттарынын көпчүлүгү акча которуу операторлорунун веб-сайттарын же тиркемелерин (34%) жана акча которуу операторлорунун Кыргызстандагы кеңселерин (31%) колдонушат. Башка кеңири таралган ыкмаларга банк кеңселери (14%) жана достор жана туугандары (11%) аркылуу акча жөнөтүү кирет. Акча которуу ыкмаларын тандоо да кайсыл өлкөдө миграцияда жүрүп, иштеп жаткан өлкөгө жараша бир аз өзгөрөт. Мисалы, акча которуу операторлорунун веб-сайттары же тиркемелери аркылуу акча которуу Россия Федерациясы менен Казакстандагы мигранттар арасында кеңири таралган, ал эми Кыргызстандагы акча которуу операторлорунун кеңселерин колдонуу Түркия менен Улуу Британияда иштегендердин арасында кеңири таралган. Кошумчалай кетсек, картадан картага которуу аркылуу достор жана туугандары аркылуу акча жөнөтүү Улуу Британияда иштеген мигранттар арасында кеңири таралган.

Мигранттардын 35 пайызы акча которуунун конкреттүү ыкмаларын тандоосунун себеби коопсуздук маселеси, алар тандап алган акча которуу ыкмасы коопсузураак деп эсептешет. Ал эми 31 пайызы акча которуунун эң ылдам жолу болгон үчүн тигил же бул ыкманы тандашкан.

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖАЛПЫ ТУРМУШ АБАЛЫ


Кайтып келген эмгек мигранттардын арасынан сурамжылоого катышкандардын көпчүлүгү (67%) үй-бүлөсү менен (жубайы, балдары) жана калган 24 пайызы ата-энелери менен чогуу жашашат. Бул мигранттардын 60 пайызы үчтөн алтыга чейин, 30 пайызы бирден үчкө чейин, жана 10 пайызы жети же андан көп киши менен бирге чогуу жашашат.

Эмгек мигранттарынын ар бир төртүнчүсү (25%) учурдагы экономикалык абалына канааттанбаганын билдиришет, андан сырткары дагы башка 2 пайызы учурдагы экономикалык абалына өтө эле канааттанышпайт. Мигранттардын дагы 28 пайызы учурдагы жашоосуна же канааттандыраарлык же канааттандыраарлык эмес деп айталбайт. Тескерисинче, сурамжылоого катышкан мигранттардын болжол менен 40 пайызы өздөрүнүн экономикалык абалын канааттандырарлык деп эсептешет. Ага карабастан, мигранттардын 12 пайызы гана күнүмдүк муктаждыктарга болгон керектүүлөрүн сатып алууга кудирети жетип, тапкан акчасынан үнөмдөй алышат. Көпчүлүгү (57%) күнүмдүк турмушка керектүү товарларды сатып ала алышат, бирок тапкан кирешесинен үнөмдөп, топтой алышпайт. Экономикалык абалына наразы болгон мигранттар канааттанбоосуна ар кандай себептерди келтиришет, анын ичинде кирешени, айлык акыны жогорулатуу керектиги (27%), муктаждыктарын канааттандыруу үчүн кирешенин жетишсиздиги (26%), жумушсуздук же жумуш табуу кыйынчылыгы (26%).

ОРТОЧО ЖЕКЕ КИРЕШЕНИН ЖЕТИШТҮҮЛҮГҮ




АЗЫРКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫНА КАНАГАТТАНУУ




Мигранттардын басымдуу бөлүгү (72%) турак-жайы бар экенин билдиришкени менен, айрым мигранттар өздөрүнө үй сатып ала алышпайт. Үйү жок мигранттардын жарымынан көбү (52%) үй сатып алууга же курууга тоскоолдук катары каржылык ресурстардын жетишсиздигинен жана турак жайдын кымбаттыгын көрүшөт.

Респонденттердин 83 пайызы саламаттыкты сактоо кызматтарды пайдалана аларын айтышкан. Калган мигранттар саламаттыкты сактоо кызматтарынан пайдалана албай келе жатышканын же кээ бир мигранттар медициналык кызматтарынан пайдалана алабы же жокпу так билишпегенин билдиришкен. Медицина кызматтарынан пайдалана албай келе жаткан мигранттардын арасында андай кызматтарды колдонууга тоскоолдуктар болуп жатканынын себептери катары медициналык кызматына төлөөгө акчасы жок экенин же медициналык кызмат үчүн кайда кайрылаарын билишпегенин айтышкан.

Сурамжылоо аркылуу мигранттардан топтолгон маалыматтарга ылайык, мигранттардын арасында мамлекеттик кызматтар жана алардын укуктары жөнүндө маалымдоо иштерин үзгүлтүксүз жүргүзүү зарыл. Сурамжылоого катышкан мигранттардын 56 пайызы жумуш, турак-жай, билим алуу, жеке коопсуздук, өздүгүн тастыктоочу документтер жана юридикалык статусу боюнча өздөрүнүн укуктары тууралуу маалыматы жетишээрлик деп эсептешсе да, 21 пайызы алар жөнүндө жакшы маалыматы жок экендигин, дагы башка 22 пайызы алар өз укуктары жөнүндө маалыматы жетиштүүбү же жокпу так айта алышпайт.

Мигранттардын жамааттары менен болгон мамилеси ар мигрантта ар башка. Сурамжылоого катышкан мигранттардын жарымынан бир аз көбү (51%) мигранттардын жамааттары менен байланышы жок экендигин билдиришсе, калган 44 пайызы андай жамааттар менен өз ара байланышышып турушат.

### Салынган санкциялардын таасири

Жумушка орношкон мигранттардын 24 пайызы учурда болуп жаткан экономикалык кризистер алардын айлык маянасына таасирин тийгизген жок деп эсептейт, бирок башка 18 пайыз мигранттардын айлык маянасы мындай кризистерден улам азайган болсо, айрым мигранттардын (6%) айлык акысы кризис учурда жогорулаган. Мигранттардын 50 пайызы экономикалык кризис алардын Кыргызстанга кайтып келип, ушул жерде жашап, иштөөсүнө таасирин тийгизди деп эсептешет.

Мигранттардын 51 пайызы акыркы алты айда кыйынчылыктарга туш болушкан жана бул мигранттардын 72 пайызы бул уланып жаткан экономикалык кризистерге байланыштуу деп эсептешет. Бул кыйынчылыктарга себеп болгон негизги көйгөйлөргө баалардын өсүшү (41%), кирешенин жетишсиздиги (20%), жумуштун жоктугу же жумушсуздук (19%) кирет.

УЧУРДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК КРИЗИСТЕРГЕ БАЙЛАНЫШКАН КЫЙЫНЧЫЛЫКТАР





Co-Funded by
the European Union

IOM
UN MIGRATION

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

**Swiss Agency for Development and Cooperation SDC**